***Кылчыкбаев Т.Э. -*** *Кыргыз Республикасынын Экмвтунв караштуу Кыргыз мамлекеттик юридикалык Академиясынын Ысык-Көл юридикалык институтунун «Юридикалык дисциплиналар» кафедрасынын доцентинин милдетин аткаруучу*

**УДК 349.414:332.3**

## АЙЫЛ ЧАРБАСЫНА АРНАЛГАН ЖЕРЛЕР УКУКТУК РЕЖИМДИН ОБЬЕКТИСИ КАТАРЫНДА

***Аннотация:*** *Бул илимий макалада автор айыл чарбасына арналган жерлерди укуктук режимдин обьектиси катары карайт. Айыл чарба-сына багытталган жерди унөмдуу колдонууда укуктук жөнгө салуунун кеңири суроолору, азыркы учурда биздин мамлекетибизде азык-тулук коопсуздугун камсыз кылуу милдети негизги ролду ойноoруна макалада кецири орун берилген.*

***Аннотация:*** *В данной научной статье автор рассматривает земли сельскохозяйственного назначения как обьект правового режима. Правовое регулирование широкого комплекса вопросов, касаюуихся рационального использования земель сельскохояйственного назначения играет очень важную роль для достижения задач обеспечения продовольственной безопасности нашей страны в соверменных условиях.*

***Annotation:*** *In this scientific article the author examines agricultural land as an object of legal regime. The legal regulation ofa wide range of issues,related to the rational use of agricultural land, is very important to achieve the objectives of food safety in our country in modern conditions.*

***Негизги сөздөр:*** *Жер тилкеси, жерди коргоого алуу, укуктук режим, жаратылышты коргоого карата иш-чаралар, жерди кайтарып алуу, айыл-чарбасына арналган жерлерди туура пайдалануу.*

***Ключевые слова:*** *Земельный участок, охрана земель, правовой режим, природоохранные мероприятия, изьятие земель, рациональное использование земель сельскохозяственного назначения.*

***Keywords:*** *Plot of land, protection of land, the legal regime, the nature protection measure, withdrawal land, rational use of agricultural land.*

Жер режими төмөндогудөй уч позицияда каралат: укуктук режимдин жалпы обьектиси катары (жер фондунун элементи), обьектинин туру катары (фонд тарабынан аныкталган категорияга кирген жер) жана укуктук режимдин так обьектиси (жер аянттары) катары.

Жогорудагы жер жөнундөгу тушунуктун бөлумдеөру теориялык гана эмес иш жузундө да так мааниге ээ болуп эсептелет, себеби жерди пайдалануунун укуктук режими жалпы, өзгөчө жана атайын бөлумдөрунө бөлунөт.

Укуктук режимдин жалпы обьектиси болуп айыл-чарбасына арналган жерлер саналат. Ар кандай жер тилкелери бардык жерлердин турлөрундөй эле жаратылыштык өзгөчөлуктөрге ээ, демек, жогорудагы өзгөчөлуктөрунун натыйжасында бардык жер тилкелеринде укуктук режимдин элементтери бар.

Ар бирин өз алдынча карап чыгабыз:

1.Бардык жер тилкелери, эң биринчи жаратылыштык обьекттер жайгашкан аймак (суу, өсумдук) жана мулктук мунездегу обьект (курулуш, кыймылдуу жана кыймылсыз мулк) болуп саналат. Ушул себептен жер ээлеринин, жер колдонуучулардын жана ижарачылардын милдети - тилкелерди рационалдуу пайдаланууну ишке ашыруу. [1]

Жер аймактарын туура уюштурууну камсыздоо иши жерди менчикке, же болбосо, жерди колдонуунун башка таризинде берилип жатканда ишке ашырылат, себеби жердин тузулушунун негизги милдети эл чарбасынын бардык тармактарында жерди рационалдуу колдонууну, жерди коргоо, туруктуу ландшафты кармап туруу учун шарттарды тузуу болуп саналат.

Жер тузулушун иш журумунде жер-лердеги орун алган ынгайсыздыктарды жоюу учун иш-чараларды жургузет. Мисалы, дый-кан (фермерлик) чарба учун берилген жерлер бирдиктуу жер массиви болуш керек жана башка чарбалардын, айыл-чарба уюмдарынын жана бөлумдөрунун бутундугун бузбашы керек.

«Аймакты рационалдуу уюштуруу» деген тушунук мыйзамда каралган эмес, бирок учурдагы мыйзам жана нормативдик актыларга берилген анализдер бул милдеттерде төмөнкудөй белгилер бар экендигин далилдейт:

-Жер тилкелеринин аймактарында жаратылыштык жана мулктук обьектилерди туура жайгаштыруу. Мисалы, жасалма суу чуңкурларын жасоо учун туз аймактарды казып чуңкур кылбастан, табигый чуңкурга, же болбосо казылган жерлерге жайгаштыруу керек; жол, магистралдык жолдорду куруу же болбосо коммуникациялык линияларды чоюу учун жабдыктарды талаа тилкелеринин чек ара жээктерине жайгаштыруу керек; жер-жемиш көчөттөрун эрозиядан корголгон токой тилкелерине отургузуу зарыл;

-Жаратылыштык жана мулктук обьектилерди жер тилкелеринде рационалдуу жайгаштыруу керек. Мисалы, дыйкан чарбаларын жургузуу учун бөлунуп берилген жерлер калктуу конуштарга жакын болбош керек. Себеби, аларга жакын жерлер жалпы коомдук колдонуудагы жер - мал кайтаруу, суу чуңкурлары, жолдор, бакчалар жана спорттук жабдыктар учун бөлунгөн жерлер болуп саналат.

-Коңшу обьектилердин жайгашуусунун терс жыйынтыктарын жоюу. Ал учун айдоо аянттары калктуу конуштарга жакын жерде жайгашкан болсо, анда айдоо аянттары менен айылдын ортосунда «буфер» катары табигый аянттар (жайлоо, жайыттар) орун алышы керек, алар айыл-чарба өндурушундө колдонулган агрохимикаттардан жана башка жагымсыз жагдайлардан жашоочулардын ден соолугун коргоп турат.[2]

2.Бардык жер тилкелери ордунан которулбаган обьект болот, бул анын укуктук режиминин өзгөчөлугу жана кадимки мулктук режимден айырмалап турат:

-кадимки мулктук обьектиге болгон менчик укуктук мулктун ээсине, колдонуучуга, ижарачыга бергенде пайда болот, ушундай эле менчик укук жер тилкелерине чектери аныкталгандан кийин укуктук менчигин, ээлигин, колдонууга,ижаралоого укугун тастыктаган документин жеринен алгандан тартып пайда болот.

-жерди жарандык жугуртуудө жер катышпайт, жерге ээлик кылууга, жерди колдонууга жана ижарага алууга болгон менчик укугун коргоп, кайрадан бөлуштуруучу чектөөчу линиялар катышат.

Ошондуктан жерди колдонуу процессинде коцшулук мамиле пайда болот.

Жер-коңшулук-укуктук мамиленин эки тарабы бар:

-өзунунун тилкесине болгон укуктуулугуна коңшунун мыйзамдуу талаптарына ылайык өз укугуна бекитилген чектөөлөр киргизилет.

Мисалы, айыл чарба мекемесине завод коцшу жайгашса, заводдон чыккан агын суулар айыл чарба аянтарынын бузулушуна алып келсе, айыл чарба мекемеси заводдон тазалоочу системаны орноштуруусун талап кылат; эгерде завод кыш-такчасы айыл чарба аянттарына жакын жайгашса жана талааларда колдонулган агрохимикаттар кыштак тургундарына терс таасирин тийгизсе, завод айыл чарба мекемесине чарба аянттарды колдонуунун режимин өзгөртуусун же болбосо башка жерге көчурууну талап кыла алат.

Ар бир жер ээси, жер колдонуучу, ижарачы башка менчик жер ээлеринин, жер колдонуучунун, ижарачынын укугун бузбашы керек жана жаратылыштык обьектилерди колдонуу тартиби сакталышы керек.

Коншулардын бири-бирине талап коюу укугунан тышкары мыйзамга негизделбеген талаптар менен, арызданууга чектөөлөрду коет.

Коншулардын жер-укуктук мамилелеринин бардык кызыкчылыктары коргоого алын-байт, мыйзамда каралган укуктар гана корголот (сервитут). Мисалы, негизделбеген арыз болуп төмөнку жагдайлар саналат: коншулук субьектиге коңшусунун курулушунун конструкциясы жакпай калса жана аны токтотууну талап кылса.

3. Бардык жер тилкелери айлана-чөйрөну курчап турган жаратылыштын бир бөлугун тузөт жана экосистеманын элементи болот, ошондуктан экологиялык режимди көзөмөлдөө чөйрөсунө кирет.[3]

Мисалы, айлана-чөйрөдөгу туруктуу терс өзгөруулөр болуп турган жер тилкелери табигый экологиялык системага коркунуч келтирсе, өсумдуктөрдун, жаныбарлардын генетикалык фондуна, адамдардын ден соолугуна терс таасирин тийгизген аймак экологиялык өзгөчө кырдаал зонасы деп жарыяланат да, андан кийин ал жерде айлана-чөйрөгө терс таасирин тийгизип жаткан ишмердик токтотулат; жаратылышты колдонуунун кээ бир турлөру чектелет, жаратылыш ресурстарын кайрадан ордуна келтируу, ишке киргизуу учун ыкчам чаралар көрулөт (Айлана-чөйрөну коргоо мыйзамы, 58-берене).[4]

Жер тилкелерин бөлуштуруууну, кайрадан бөлуштуруууну жургузуудө эң биринчи ландшафты коргоо талаптарын сактоо керек, себеби жер тузулушунун эң негизги максаты жаратылыштык ландшафты туруктуу кармоо, жакшыртуу учун шарттарды тузуу болуп саналат.

4. Ар бир жер тилкеси зоналык жана регионалдык өзгөчөлуктөр болгон жаратылыштык бирдей эмес тузулушкө ээ (заряддар ар турдуу болбосо электр тогу алынбайт же пайда болбойт, жердин катмарлары ар турдуу болбосо дарыялар акпайт, бийик тоолордо өзгөруулөр болуп турбаса, шамал жок болот деген сыяктуу).

Бул жагдай жерди колдонууда укуктук режимге таасир берет, жерди колдонуудагы укуктук мамиленин субьектиси жер тилкелерин колдонууда жана коргоодо татаал жаратылыштык тузулуш катары пайдаланылышы керек.

Жер аянттарын колдонууда ар бир жер тилкесинин, анын бөлуктөрунун өзгөчөлуктөрун эске алып жекече караш керек. Эгерде жер кыртыштарынын пайдалуулугу жана тушумдуулугу начарлай баштаса, колдонуучу жердин пайдалуулугун ордуна келтируу менен тушумдуулугун жогорулатуусу керек; жер тилкесинде эрозиялык процесстер башталса, алдына алуусу абзел, эгерде жер карантиндуу зыянкечтерди жуктурса жана өсумдуктөрдун оорусу пайда болсо - жугуштуу зыянкечтерден коргоо жана аларды алдына алуучу иш-чаралар жургузулушу керек. Бул милдеттерди аткарбаса административдик жоопкерчиликке тартылат (КР Административдик жоопрекчилиги жөнундөгу берене 185, 186,187.) [5]

5. Бардык жер тилкелери бардык мулктөрдөй эле табигый жаратылыштык процесстерден жана адамдардын ишмердигинен бузулат. Мисалы, темир буюмду коргоо учун алдына алуучу иш чараларды жургузбөсө коррозияга туш болот да машина бузулат, ал эми жер көп убакыт колдонулуп жер семиртичтерди, агрохимикаттарды, агротехникаларды колдонбосо эрозияга туш болот.

Башка мулктер колдонулуп олтуруп, акыры эскирип, башка баалуу буюмга алмаштырылат, ал эми жер болсо башка обьект менен алмаштырылбайт жана эскирбейт да, адам коомчулугу учун абдан маанилуу болуп эсептелет. Ошондуктан жерди колдонуу сөзсуз коргоого алынып, жерди коргоо, жерди колдонуу функциясынын ажырагыс бөлугу болуп саналат.

Жерди колдонуунун бардык формалары жана турлөру жерди коргоонун ажырагыс бөлугу катары төмөндөгулөрдөн көз каранды:

-жерди колдонуу мамлекеттик көзөмөлдөөнун жерди коргоо боюнча бөлунгус функциясы болуп саналат. Жерди коргоо мамлекеттик деңгээлде пландаланат. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары жергиликтуу өзун-өзу башкаруу бийлик органдары менен бирдикте жерди рационалдуу колдонуу, жер кыртыштарынын тушумдуулугун арттыруу, жер ресурстарын жана башка жаратылышты коргоочу иш-чараларын көзөмөлгө алат. Жерди рационалдуу колдонууга багытталган зыяндуу кубулуштардан коргоого, жер аянттарынын тушумдуулугун арттыруу учун укуктук, уюштуруу, экономикалык иш чараларга системалык макам берилген.

Укуктук иш чаралардын комплекси жерди коргоо системасын өз ичине камтыйт. Бул жер кыртыштарына колдонулуп жаткан химиялык, бактериялык, радиактивдуу заттардын белгилуу ченемин киргизет.

Технологиялык жана башка имараттарды куруу, жаңы курулган же оңдолгон курулуш обьектилерин эксплуатациялоо, долбоорлоо иш-чаралары жерге жана анын абалына тескери таасир бербейт деген атайын эксперттик «макул» деп тапкан жыйынтыгы жок болсо, жогорудагыдай иш чараларды жургузуугө тыюу салынат.

Долбоордук-изилдөө иштерин жургузуп жаткан ыйгарымдуу мамлекеттик жак өз эсебинен жер тилкесинин баштапкы абалына мумкун болушунча алып келет. Эгер жер ээсине келтирген чыгашаларын төлөп бере албаса, Кыргыз Республикасынын Жер Кодекси боюнча 61-берене менен жооп берет.

Айыл чарбасына арналган жерлердин укуктук режими обьектин турун жер фондунун категориясы катары карайт жана мунөздөйт. Жер кодексине ылайык Кыргыз Республикасындагы жер фондусуна кирген жерлердин бардыгы категорияга бөлунөт, б.а. категорияга кирбеген жер жок. Жер кодексинин негизинде жердин категориялары аныкталат:

-Республикалык бюджеттин эсебинен Республиканын бардык аймактарында бирдей мамлекеттик жердин нарк каттамы жургузулөт;

-жерди кайтарып алууда же беруудө жерди бир категориядан экинчи категорияга которуу жергиликтуу өзун өзу башкаруу органдарынын компетенциясында жургузулөт;

-айыл чарбасына арналган жерлерди жер фондусунун категориясы катары айыл чарба багытында колдонулган жер менен айкалыштырууга болбойт. Эгерде, биринчи аныкталган категориядагы жер болсо, экинчи жер айыл чарба аянттары - булар башка категорияда болушу мумкун. Мисалы, КР ЖКси айыл чарбалык эмес мекемелерге өзулөрунө тиешелуу жерлердин бир бөлугун айыл чарба максатында убактылуу колдонууга жарандарга бөруугө укук берген; калктуу конуштардын аймактарында айыл чарба багытында колдонулуучу жерлер бар; айыл чарба максатында жерди убактылуу колдонууга мамлекет өзунө тиешелуу токой фондунан бере алат.

Айыл чарбасына арналган жерлер эки турдөгу категорияга бөлунөт: айыл чарбасынын муктаждыктары учун бөлунгөн жерлер (учурда колдонулган жерлер), келечекке дайындалган жерлер, б.а. жакынкы учурда колдонулуучу жерлер, бул жерлерсиз айыл чарба өндурушун жургузуу мумкун эмес.

«Айыл-чарбасына арналган» деген тушунук жогорудагы аталган максаттарда кеңири мааниде каралат.

Жогорудагы бөлумгө кызмат көрсөткөн баардык жерлер «айыл чарбасына арналган жерлер» тушунугунө кирет.

Продукцияларды, агрохимикаттарды сактоо учун - техниканы, урөөндөрду талаага жеткируу жана даяр продукцияны талаадан алып кетуу учун ички чарбалык жолдорго муктаждык жаралат, ошондуктан, айыл чарба өндурушун башкаруу учун административдик имарат болуусу зарыл.

Айыл чарба өндурушун (айыл чарба продукцияларын мал тоюттарын өстуруу) тиешелуу инфраструктурасы жок ишке ашыруу мумкун эмес (жолдор, турак жайлар, кампалар).

Аймактарда жацы дыйкан чарбалары уюштурулса (эгерде ал аймакта социалдык өндуруштук маанидеги обьектилер жок болсо, мамлекет баштапкы бардык куруу иштерин өзунө алат: жолдорду куруу, электр линияларын тартуу, таза суу менен камсыз кылуу, телефондоштуруу, жерди өздөштуруу жерди мелиорациялоо.

Жергиликтуу өзун-өзу башкаруу органдары өндуруштук жана турак обьектилерин тургузууга жардам көрсөтуугө милдетуу.

Айыл чарбасына арналган жерлер мыйзамда бирдиктуу обьект катары көзөмөлдөнөт.

1. Бардык жерлер эмес - айыл чарба өндурушун жургузуугө боло турган жерлер. Мына ошондуктан мыйзамда айыл чарбага арналган жерлердин абалы жөнундө негизги жоболордун принциптери бекитилген: айыл чарбасынын муктаждыктырына жарай турган жерлер эң биринчи айыл чарба максаттарына берилет, андан кийин айыл чарбалык эмес муктаждыктарга өндуруштук мекемелерди куруу ж.б. максаттарында колдонулуучу жер тилкелери же айыл чарбасына нак каттамы боюнча айдоо аянты катары колдонуу учун начар сапаттагы жерлер, айыл чарбалык жугуртуудөн негизсиз алып коюудан коргоого алынат.

2. Бардык эле айыл-чарбасынын муктаждыктарына колдонууга жарай турган жерлерди айыл чарбасына арналган жер катары пайдаланууга болбойт. Мисалы, корукка алынган аймактарда жаратылыш комплекстерин коргоодо изилдөө менен байланышпаган айыл чарба ишмердигин жургузуугө тыюу салынат.

Жер мыйзамы айыл чарбасына арналган жерлердин төмөндөгүдөй түрлөрүн бөлүп көрсөтөт:

1. Колдонуунун жалпы режими таралган кадимки жердин түрлөрү. Мыйзам алар учун колдо-нууда кепилдиктерди, милдеттерди караган эмес.

2. Нарккаттамы боюнча орто децгээлден жогорку айыл чарбасына арналган жерлер (баалуу жерлер). Мындай жерлерди айыл чарбалык эмес максатта алууга төмөндөгүдөй учурларда гана жол берилет: эл аралык милдеттенмелерди аткаруу учун баалуу кен байлыктары бар жерлерди изилдөө учун, маданий жана тарыхый, ден соолукту чындоочу, билим беруу обьектилеринин курулуш иштерин жургузуу учун жолдорду, магистралдык трубаларын өткөруу учун, байланыш линияларын, электр тогун өткөруунун башка ыңгайлуу варианттары жок болгон учунда берилет.

3. Эзунун регионунда өтө баалуу, тушумдуулугу мол болгон айыл чарбасына арнал-ган жерлер. Алардын тизмесин КРдин мыйзамы бекитет. Мындай жерлердин курамына илимий изилдөө мекемелердин, окуу жайлардын тажрыйба өткөруучу талаалары кирет. Андай жерлерди кайтарып алууга болбойт.

4. Жер кыртыштары бузулган жакынкы убакта калыбына келтируугө болбогон айыл чарба жерлери, андан тышкары химиялык жана радиоактивдуу заттарды ашыра колдонуудан бузулган жерлер.

Карантиндик зыянкечтерден жана өсумдуктөрдун оорусунан бузулган жерлер, мындай аянттар КРдын өкмөту тарабынын каралган тартипте консервацияланат.

Көрсөтулгөн колдонуунун өзгөчө режими башка жер категориясына да колдонулушу мумкун.

Традициялык экстенсивдуу жаратылышты колдонуу учун жаратылыштык коруктарга арналган жерлер берилет. Мергенчилик иштерин жургузуу учун токой фондуна жер берилет.

Айыл-чарбалык продукцияларды өстуруугө берилген жерлер «таза» айыл-чарба жерлери болуп саналат.

Айыл чарба жерлеринин бул турун колдонуу жана кутуу учун мыйзам өзгөчө талаптарды, жоопкерчиликтерди коет. Мисалы, айыл чарбасын өндуруугө берилген жер тилкесин бир жыл ичинде пайдаланбаса, бул негиз менен жер ээсинин менчигин пайдалануу укугун төмөнку учурларда: табыйгый кырсыктырды, мелиорация курулушун жургузгөн жагдайларды колдонууну эске албаганда ишмердуулугун токтотот.

«Таза» деп эсептелген айыл чарба аянттарын эки топко бөлөбуз:

1.Биоценоздор (табигый аянттар) -өздөштурулбөгөн жайлоолор, жайыттар. 2.Агро-ценоздор (адамдын эмгеги менен өздөштурулгөн) - көп жыл айдалып, пайдаланылган жерлер, ж.б. айыл чарба аянттары. Жогорудагы аталган аянттар жаратылыштык машина болуп саналат, башкача айтканда, адамдын жардамысыз (табигый жайлоолор) айыл чарба продукцияларын өндурөт (тоют чөптөр), же болбосо адамдын эмгегинин натыйжасында өндурулгөн айыл чарба продукциялары. Бул көрсөтулгөн айыл чарба аянттары жер колдонуучулардын негизги киреше булактары болгондуктан, мыйзам тарабынан айыл чарба аянттарынын курамы жана сапатына, орун алган жерине, аянтына карап айыл чарба салыктарынын көрсөткучтөру каралган.

Айыл чарба аянттарын колдонуунун спецификасы колдонуучунун экобайланыштын механизимине ж.б жаратылыш обьектилерине кируу менен экосистеманы кайрадан тузуп, режимдин функциясын өзгөртөт. Эгер жерди учурунда карап, иштетпесек, өзунун жаратылыштык функциясы адамдын эмгегинин жардамы менен гана жургузгөн айдоо айыл чарба аянты болуп калат. Жерди айдабасак, айыл чарба көчөттөрун олтургузбасак, алар өспөй калат. Отоо чептеру учун алдына ала иштерди жургузбөсөк, айдалган урөөндөр, көчөттөр өспөй калат. өз учурунда сугат иштерин жургузбөсө, өсумдуктөр соолуп, кургап калат.

Мына ушуларды эске алуу менен, айыл чарба аянттарын колдонууда мыйзам төмөндөгүдөй негизги милдеттерди бекитет:

1.Жер кыртыштарын толук кандуу суу менен камсыз кылуу. Жер тилкелеринин ээлери, колдонуучулар, ижарачылар жерди суу каптоодон, кургакчылыктан коргоо иштерин

жургузуусу керек; бекитилген тартипте сугаруу жана кургатуу иш чараларын өткөруп туруусу керек; сууну унөмсуз коротууну, жерди кургап кетуудөн же болбосо суу каптоону алдына алып, жер кыртышынын нымдуулугу учун жагымдуу режим тузуу керек.

2.Жер кыртыштарынын туз режимин туура сактап, бекитилген милдеттенмелер боюнча жердин экинчи жолу туздууланып кетишин, жер кыртыштарынын ашыкча кычкылданып кетуусун алдына алуусу зарыл.

3. Жер кыртыштарын пайдалуу заттар менен камсыз кылуу менен тушумдуулуктун көлөмун көбөйтуу керек. Бирок жерден казылып алынган тушум менен кошо пайдалуу заттар кетсе да, жердин кыртышындагы пайдалуу заттарды көбөйтуп туруу зарыл. Ар бир жер ээсинин, колдонуучунун, ижарачынын эң негизги милдети болуп, жер кыртышынын тушумдуулугун арттыруу саналат.

4. Ар бир колдонуучу жерди колдонулбай калуудан сактап, аны майда токойлорго, отоо чөп талаасына айланышынан алдын алуучу мыйзам тарабынан бекитилген тартипте маданий-техникалык иштерди өткөруп туруусу зарыл.

5. Жер тилкесинде нормалдуу экологиялык жагдайды камсыз кылып, жер кыртышынын бузулуп кетуусунө жол берилбеши керек.

Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктоо менен, төмөндөгудөй корутунду чыгарсак болот: айыл чарбасына арналган жерлер укуктук режимдин обьектиси катары уч жактуу укуктук мунөзгө ээ: жалпы обьект (жер фондунун бөлугу) жерди колдонуудагы жалпы укук режими жайылтылган жер; обьект туру (жер фондунун жер категориясы) айыл чарбасына арналаган жерлерге өзгөчө укуктук режимдин тартиптери жайылтылат; андан тышкары конкреттуу обьектеги (айыл чарба аянттары) жер, каржы жана башка укуктун тармактарынын аракеттери жайылтылган жерлер.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР:


1. Боголюбов С.А. Земельное право. // Учебник. М., 2006.
2. Болтанова Е.С. Земельное право. // Учебник . М., 2009.
3. Земельное право: Учебник для вузов. У.И.Илебаев и др. - Бишкек: Алтын-принт, 2010.230 с.
4. Земельный Кодекс Кыргызской Республики (от 02.06.1999. № 45 с изменениями дополнениями по состоянию на 18.07.2014 г.)
5. Кодекс Кыргызской Республики об адми-нистративгой ответсвенности от 4 августа 1998 года № 114
6. Крассов О.И. Земельное право соверменной России. М. 2003 -с.443
7. Крассов О.И. Земельное право. М. 2000.-с.173.